мак кошуу жана аны сатуу боюнча жылдык милдеттенме мөөнөтүнөн мурда аткарылат деп эсептеп жатышат.

Биздин кабарчыбыз.



Фрунзе атындагы колхоздун механизаторлору кант кызылчасын иштетүүнү ийгиликтүү өткөрүп жатышат. Бул жерде кызылчанын үчүнчү сугаты аяктады. Экинчи жолу терең жумшартуу өткөрүлүүдө.

Сүрөттө: кант кызылчасын иштетүүнү трактористтер Сумаз Машанло жана Харсан Убеза жүргүзүүдө.

Х. ЯКУБдун фотосу.

# ЖАШЫЛЧАЧЫЛАРДЫН ЭПКИНДҮҮ КҮНДӨРҮ

Азыр «Майский» совхозунда жашылча өстүрүүчүлөрдүн кызуу эмгектенип жаткан учуру. Плантацияларды багуу жумушу дагы эле болсо улантылууда. Бир эле мезгилде өстүрүлгөн жашылчаларды республикабыздын борборундагы соода уюмдарына жөнөтүү жакшы уюштурулган. Бул жөнүндө совхоздун жумушчулар комитетинин председатели Корней Корнеевич Янцен мындай дейт:

—Биздин адистештирилген звенобуз шаардын калкына 16 миң центнерге жакын жашылчаларды жөнөттү. Эрте бышуучу капустаны сатуунун пландуу тапшырмасы аткарылды. Белгиленгенге караганда 230 центнер жашылча көп жөнөтүлдү. Көк пияз сатуунун планы да эки эседен ашык аткарылды. Азыркы учурда чеснок сатуунун планы орундалуу алдында турат. Быйылкы жылы бизде синтетикалык пленкада 10 гектар жерге бадыраң өстүрүлгөн. Натыйжада ал эрте бышып жетилип, өткөн жылга салыштырганда соода уюмдарына тез жеткириле баштады. Чарбабыз тарабынан шаардыктарга 4500 центнер жашылча жөнөтүлдү.

Жашылчаларды жыйноочу звенолордун жана бригадалардын арасында социалисттик мелдеш кеңири жайылтыла баштады.

Совхоздун плантациясында жашылчалардын түшүмүн жыйноо жана аны тапшыруу күндөн-күнгө кызытылууда.